«Бекитемин»

Ж.Баласагын ат. КУУнун ректору, проф.

Д.Т.Чоцтоев ____________

27.09.2024

**2024-2027-жылга чейин Ж.Баласагын атындагы КУУнун кыргыз филологиясы факультетинин факультетинин өнүгүү стратегиясы**

Факультеттин окумуштуулар кеңешинин

2024-жылдын 24-сентябрындагы жыйынында

каралып жактырылган.

Протокол № 1

**БИШКЕК-2024**

**2024-2027-жылга чейин Ж.Баласагын атындагы КУУнункыргыз филологиясы факультетинин өнүгүү стратегиясы**

**I. Факультеттин миссиясы** - классикалык жана заманбап инновациялык технологиялардын негизинде кыргыз филологиясы, түркология жана котормо таануу боюнча улуттук интеллигенцияны даярдоочу жана улуттук долбоорлорду аткаруучу борбор болуу.

**2.Максаттар:**

а) Эл аралык жана республиканын эмгек рыногунда орду бар, татыктуу, атаандаштыкка жөндөмдүү, кыргыз филологиясы, түркология жана котормо таануу боюнча алдыңкы билим берүү, илимий-изилдөө факультетине айландыруу;

б) Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасын ишке ашырууга көмөктөшүү.

**II. Окуу-методикалык иштер:**

1. Билим берүү тармагында: түркология, кыргыз тил илими, адабият таануу, котормо таануу багытындагы ишмердиктерди инновациялык оңүттө өнүктүрүүдө билим берүү программаларынын азыркы системасына ылайык көп баскычтуу багыттагы программаларды түзүү;

2.Кыргыз тили жана адабияты, түркология, котормо таануу, филологиялык билим берүү багытындагы адистерди даярдоодо жаңы багыттарды ачуу;

3. Магистратуралык программалардын негизинде алардын жаңы багыттарын, ачуу профилдерин кеңейтүү;

4.Иштеп берүү (отработка) мамлекеттик тапшырмасын аткаруу милдети менен 531000 Филология (кыргыз) багытынын бюджеттик орундарын калыбына келтирүүгө аракет кылуу;

5. 551000 Филологиялык билим берүү багытынын бакалавриатын ачуу;

6. Түрк тилдүү өлкөлөр менен билим берүү жаатында кызматташуу жана кош диплом маселесине карата Филология, Лингвистика. Филологиялык билим берүү багыттары боюнча докторантура( P hd) бөлүмүн ачуу;

7. Окуу пландары, расписание, группалык, кафедралык журнал ж.б. боюнча ишке кирип жаткан электрондук, санарип университет, факультет системасын жамаат ыкчам, терең өздөштүрүшү үчүн шарттарды түзүү;

8.Факультетте, негизинен сабактар салттуу лекция түрүндө өтүлөт. Ал эми жаңы инновациялык технологияларды колдонуу менен сабак өтүү үчүн факультеттин бөлмөлөрү (аудиторияларын) мультимедиялык техникалык каражаттар менен жабдылышы керек;

9. Жаш окутуучуларды, адистердин квалификациясын жогорулатып туруу зарыл. Бул үчүн шарттарды түзүп берүү керек. Бүгүнкү күндө Ж.Баласагын атындагы КУУда Россиянын, Түркиянын алдыңкы университеттерине барып, билим берүү системалары жана билим берүү технологиялары менен таанышып, үйрөнүп келүүгө шарт түзүү абзел;

10.Студенттердин билим алууга болгон кызыгуусун арттыруу максатында эски классикалык үлгүдөгү усулдарды заманбап усулдар менен айкалыштырып иштеп чыгуу жана аларды ишке ашыруу;

11. Студенттердин билимин тереңдетүү максатында окулуучу лекциялардын бардыгын электрондоштуруу.

**III.Илимий иштерди уюштуруу боюнча.**

1.Кыргыз филологиясы факультети - ачылган күндөн тартып эле илим менен билим берүүнү айкалыштырып келген факультет. Учурунда бул факультет Орто Азиядагы түркологиянын борбору болгон. Факультеттин атактуу окумуштуулары студенттерге мыкты билим берүү менен, кыргыз филологиясы, педагогика илимине барандуу салым

кошуп, фундаменталдуу илимий эмгектерди жаратышкан. Бул жакшы салтты бүгүнкү күндө улантуу зарыл:

2. Илимий иштер боюнча, анын ичинде Билим берүү жана илим минстрлиги тарабынан иштелип чыгып, өткөрүлүүчү гранттык сынактарга, симпозиумдарга, конференцияларга катышуу;

3.Факультеттин профессор-окутуучуларын эл аралык конференцияларга, илимий иштер боюнча эл аралык сынактарга катышуусуна көмөк көрсөтүү, каржылоого мүмкүндүк издөө;

4.Изилденип, иштелип чыккан эмгектерди турмушта колдонууга шарт түзүп, университеттин илимий изилдөө дараметин жогорулатуу максатында аларды ишке ашыруу;

5.Мектеп менен болгон байланышты чыңдап, окуучуларды илимий иш жаздырууга, илимге болгон кызыгуусун арттырууга шык берүү менен, аларды абитуриент катары кафедра, бөлүмдөргө тартып келүү ишин баштоо;

6.Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча КР Президентине караштуу улуттук комиссиянын, КР Билим берүү министрлигинин атайын долбоорлору бар. Аларга жыл сайын көп каражат бөлүнөт. Бул ишке факультеттин профессор-окутуучуларын, айрыкча жаш окутуучуларды тартууга болот;

7. Ошондой эле факультетте окутулуп жаткан кээ бир предметтер боюнча окуу куралдары жазыла элек. Бул маселени да колго алып, студенттер, магистранттар, аспиранттар, жаш окутуучуларды илимий маалымат менен камсыз кылуу үчүн факультеттин электрондук китепканасын ачуу абзел;

8. Улуттук университетти, анын ичинде кыргыз филологиясы факультетин таанытуу максатында факультеттин 100 жылдык маарекесин өткөрүү;

9. Студентердин өз алдынча илимий иштерине өзгөчө көңүл бөлүү керек. Студенттерди илимге тартуу үчүн жыл сайын факультетте студенттик илимий конференцияларды, методикалык семинарларды уюштуруу зарыл;

10. Окутуучуларды квалификациясын жогорулатуу жана тажрыйба топтоо боюнча программаларга, иш-чараларга катыштыруу.

**IV. Тарбиялык иштер боюнча**.

1.Студенттердин билим алуусу менен бирге чыгармачылыгын өркүндөтүүгө жана мекенчил сезиминин өнүгүүсүнө шарт түзүү;

2.Мектептерде кесиптик багыт боюнча иш чараларды өткөрүү аркылуу, максаттык багытта даярдоо аркылуу абитуриенттерди тартып келүү;

3.Студенттерди эл аралык илимий конференцияларга катыштыруу менен, макалаларын жарыкка чыгарууга көмөк көрсөтүү, аны менен аларды илимий ишке ынтызарлыгын арттыруу жана илимий ишти андан ары жактап кетүүгө болгон мүмкүнчүлүгүн колдоо;

4. Студенттердин чыгармачылыгын жана илимий ишке болгон ынтызарлыгын арттыруу максатында ийримдерди кружокторду ачуу, жандандыруу, тегерек столдорду өткөрүү жана мекеме, уюмдар (мектептер, илимий борборлор, массалык маалымат каражаттары ж.б.),маданият жайлары менен алакада иштешүү;

5. Студенттерди олимпиадаларга даярдоо жана катышуусун камсыздоо;

6. Бүтүрүүчү студенттердин ишке орношуусуна көмөк көрсөтүү;

7. Студенттердин жашоо шартын жакшыртуу жана мекенчил сезимин калыптандыруу максатында факультеттеги студенттик кеңештин, жатаканалардагы студенттик кеңештердин ишине көмөк көрсөтүү, колдоо;

8. Студенттер арасында сергек жашоо образын жайылтуу;

9. Кыргыз филологиясы факультетинде өтө таланттуу, жөндөмдүү, чыгармачыл студенттер окуйт. Өз демилгелери менен факультеттеги, университеттеги ар кандай иш-чараларга активдүү катышат. Мындай студенттерди моралдык жактан да, материалдык жактан да колдоо көрсөтүү;

9.Факультеттеги студенттердин негизги контингенти алыскы райондордон келип окугандар. Ушуга байланыштуу студенттердин көпчүлүгү КУУнун жатаканасында жашашат. Жатаканага жакшы шарт түзүүгө көмөк көрсөтүү.

**V. Эл аралык ишмердүүлүк. Академиялык мобилдүүлүк**

1. Учурда Ж.Баласагын атындагы КУУ менен Россиянын Урал федералдык университети Казакстандын Л.Гумилев атындагы Евразия улуттук университети, Караганды мамлекеттик университети, Өзбекстандын Самарканд мамлекеттик университети, Кыргызстандын Ош мамлекеттик университетини, Жалал-Абад мамлекеттик университети ж.б. тарабынан түзүлгөн келишимдердин негизинде окутуучу, студенттердин арасында академиялык мобилдүүлүк ишке ашып жатат:

2. Ж.Баласагын атындагы КУУнун өз ара кызматташуу боюнча чет өлкөлүк жана ата мекендик ЖОЖдор менен 200дөн ашык келишими бар. Ушул келишимдердин негизинде окутуучу, студенттердин арасында академиялык мобилдүүлүк боюнча иштерди жигердүү алып баруу зарыл;

3.Кафедралар окутуучу, студенттердин арасында мөөнөтү апталык, бир айлык, жарым жылдык, бир жылдык болгон академиялык мобилдүүлүк боюнча иштерди жүргүзүшү абзел.

**VI. Финансылык мүмкүнчүлүктөр Инвестициялоонун негизги объектилери менен булактары (2024–2027-ж.ж.)**

1. КУУнун өнүктүрүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруу багытында факультетке 2023-жылы 400 миң сомго жакын суммада кошумча финансылык каражат тартылган. Ал эми 2024-жылы ушул багыт боюнча 8 млн. сомго жакын инвнстиция күтүлүүдө. Инвестиция тартуу боюнча иштерди мындан ары да активдештирүү керек:

2. Бүгүнкү күндө өлкөбүздө мамлекеттик тилге олуттуу мамиле болуп жаткандыгына байланыштуу, кыргыз тилин үйрөнөм дегендер арбын. Ушуга байланыштуу факультетте мамлекттик тилди өнүктүрүү борбору ачылган. Аталган борбордун ишин ар тараптан жандандыруу зарыл;

3. Учурдун талабына ылайык, ар түрдүү тексттерге филологиялык экспертиза жүргүзүү үчүн колдонмо филология лабораториясын ишке киргизүү абзел.

**Факультеттин деканы** **Б.А.Жайлообаев**